***Исаков Б.М., Темирбаева Г.И.***

# Борбордук Азия: жаштар жана коопсуздук маселелери

Борбордук Азия өзүнүн демографиялык, геосаясий, тарыхый жайгашуусу жана башка мүнөздөрү багытында уникалдуу аймак. Бүгүнкү күндө бардык Борбордук Азия өлкөлөрүнүн калкынын жарымынан көбүн 30 жаш тегерегиндеги жаштар түзөт. Аймакта дагы да болсо төрөлүүнүн жогорку көрсөткүчү сакталып турат, бул көрүнүш өзгөчө Өзбекстанда, Тажикстанда көбүрөөк пайызды түзөт. Борбордук Азия байыркы замандардан эле көптөгөн диний көз караштардын жанаша жашоосунун көп кылымдык тажрыйбасына ээ болгон аймак. Бүгүнкү күндө Борбордук Азия өлкөлөрү эгемендүүлүккө жетишүү менен мурдагы социалдык-экономикалык, саясий-укуктук системадан, базар экономикасына негизделген, демократиялык системага өтүү кыйынчылыктарын башынан кечирүүдө. Ушул маселеге байланыштуу аймактын өлкөлөрү негизинен бирдей мүнөздүү проблемаларга туш болууда. Маалымат, сөз эркиндиги жана массалык маалымат каражаты жаңылыктары багытында бүгүнкү күндө, биз жаштардын ою боюнча кошуналар жөнүндө өтө төмөн абалда маалыматтарга ээ болуп олтурабыз. Аймактагы кошуна өлкөдөгү социалдык-экономикалык, саясий, маданий турмуш жөнүндө өзгөчө кошуна өлкөнүн жаштарынын жашоо-турмушунан такыр кабарыбыз жок. Жаштар арасында деги эле Борбордук Азия аймагындагы коомчулукта, укуктук саясат, укук таануу маселеси өтө аксак абалда. Бүгүнкү жаштар арасындагы маселелер: диний азгыруулар, террористтик-радикалдуу мүнөздөгү диний уюмдардын жаштарды ээрчитип кетүүсү, алардын ушундай топтордун курмандыгына айлануусу ар бир коом мүчөсүн ойлондурбай койбойт.

Аймактагы өлкөлөрдүн коопсуздугун камсыздоо жалпы өлкөлөр үчүн жана ар бир мамлекет үчүн маанилүү болгон социалдык-экономикалык, саясий маселелерди өз убагында эффективдүү чечкенде гана камсыздалат, ушундай жол менен аймактагы өлкөлөр жаштарды тынчсыздандырган проблемаларды чечүүгө жетишет. Бир гана аталган жол менен, ирээти менен жана конструктивдүү чечимдерди кабыл алып жаштарды түйшөлткөн маселелерди чечүү ар бир өлкөнүн жана жалпы региондун келечегин аныктайт.

Биз Кыргызстанда жашайбыз!

Кыргызстан Борбордук Азияда жайгашкан! Аталган аймак үчүн бүгүнкү күндөгү жаштардын көз карашында төмөнкү маселелер өтө орчундуу:

- бизди курчап турган айлана чөйрөнүн абалы, экологиялык коопсуздук;
- экономикалык жана социалдык коопсуздук;
- массалык маалымат каражаттары, маалымат эркиндиги жана жаштар маселеси;
- жаштар жана укук маселелери;
- жаштар жана дин маселеси;
- аймактык кызматташтык жана жаштар;

Ал эми экономикалык, социалдык коопсуздук маселелери бүгүнкү күндө жаштарга төмөнкү багыттарда көйгөйлүү байкалат:

- жумушсуздук, жумушка орношуудагы кыйынчылыктар, ар дайым иш табууда кыйынчылык проблемасы, иш акысынын төмөндүгү;
- коомдогу социалдык ажырымдын тереңдеши, жакырчылыктын өсүшү, өзгөчө жаштар арасында;
- жаштар арасындагы миграциялык ойлордун пайда болуусу, өзгөчө ишке жөндөмдүү жаштар арасындагы ички-тышкы эмгек миграциясынын өсүшү;
- заман талабына шайкеш атайын жогорку билим алуудагы кыйынчылыктар, финансылык тосуктар;
- жалпы жаштар арасындагы ден-соолуктун төмөндөшү, СПИДтин жана башка инфекциялык оорулардын өсүүсү;
- алкоголь, наркомания, таксикоманиянын жаштар арасында өсүшү;
- жаштардын түрдүү диний агымдарга кошулуп кетүүсү, жаштар арасындагы кылмыштуулуктун өсүшү.

Жогорудагы айтылган толгон-токой маселелерди оңдуу чечүү үчүн аймактын өлкөлөрүнүн ар тараптуу социалдык-экономикалык, саясий, маданий интеграцияга баруусу заман талабы. Бүгүнкү күндө аймактын жаштарынын ар тараптуу интеллектуалдык, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрү, потенциалы жогору жана бул мүмкүнчүлүктөргө шарт түзүп берүү өлкө башчыларынын ыйык милдети болуусу керек. Шарт түзүү жана интеграцияны күчөтүү сөзсүз түрдө жаштардын өзүлөрүнүн да аракети менен болмокчу. Жаштардын аймактык орток газета-журналдарын чыгаруу, түрдүү эл аралык аймактык уюмдарды түзүү, аймактык электрондук торчону ачуу, актуалдуу аймактык семинарларды, тегерек столдорду уюштуруу үчүн сөзсүз түрдө мамлекеттик, коомдук уюмдардын, саясий ишмерлердин, окумуштуулардын, ишкерлердин жана журналисттердин түздөн-түз жардамы керек. Биздин оюбуз боюнча жогоруда айтылган ойлор, сунуштар «Борбордук Азия» деп аталган биздин үйүбүзгө бир топ социалдык-экономикалык, саясий багыттарда жакшылыктарды, өнүгүүнү алып келмек. Жалпы алганда Борбордук Азия өлкөлөрүндө саясий стабилдүүлүк, интеграция, демократиялык институттардын өнүгүүсү, көптөгөн жаштар маселесинин оң жактуу чечилүүсүнө жана бекем аймактык улуттук коопсуздуктун пайда болуусуна шарт түзүлөөр эле.

**Колдонулган адабияттар**


1. Авдокушин Е.Ф. Международные экономические отношения. Учебник-М., Юрист, 1999. разд. 5. Интеграционные процессы в системе международных экономических отношений.
2. Аверьянов А.Н. Системное познание мира: Методологические проблемы.- М., 1985.
3. Барановский В.Г. Политическая интеграция в Западной Европе: некоторые вопросы теории и практики. – М., 1988.
4. Воронов К. Четвертое расширение ЕС: тормоз или стимул интеграции // МЭ и МО. 1996. №8.
5. Международные экономические отношения. Под. Ред. Проф. Е.Ф. Жукова. – М., 1999.Гл. 10.
6. Үербанин Ю.А., Рожков К.Л., Рыбалкин В.Е., Фишер Георг. Международные экономические отношения. Интеграция. (Учебное пособие). – М., «Банки и биржи», 1997.
7. Цыганков П.А. Политическая социология международных отношений. – М., 1994.


* * *